# №6 Токтогул атындагы орто мектебинин администрациясы менен баштапкы профсоюз уюмунун 2022-2023-жылдарга түзүлгөн

# Жамааттык келишими

**2022-жылы 1-сентябрь**
**Профсоюз уюмунун №1**
**чогулушунда кабыл алынган**

**Токтогул атындагы № 6 орто мектебинин администрациясы менен баштапкы профсоюз уюмунун 2022-2023-жылдарга түзгөн**

# ЖАМААТТЫК КЕЛИШИМИ

КРнын Эмгек кодексинин 46-52-беренесине жана КРнын "КРнын эмгектик мамилелеринин аймагындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндөгү"мыйзамына ылайык социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүүнү жана бекемдөө,эмгектик,социалдык,экономикалык жана укуктук гарантияларын камсыз кылуу максатында Токтогул атындагы №6 орто мектебинин администрациясы(мындан ары администрация)менен баштапкы профсоюз уюму(мындан ары профком) 2022-2023-жылдарга төмөндөгү келишимди түзүшөт.

## Тараптардын кызматташтыгынын негизги багыттары:

1.Кызматкерлердин социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын коргоо чөйрөсүндө

Мектептеги кызматкерлердин социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын коргоо маселелерин кароодо тараптар кызматташтыктын приоритетүү багыттары катары төмөнкүлөрдү зарыл деп эсептейт:

Жан башына каржылоонун чегинде иштөөнү улантуу жана мектептеги билим берүүнү реформалоонун жаңы принциптерин активдүү жайылтуу.

Билим берүү мекемелериндеги каржылоонун реформалоодогу стратегиясынын чегинде(жан башына каржылоо шартына өтүүдө)мектепте төмөнкүлөргө жетишүү:

-сапаттуу билим берүүнүн жеткиликтүүгү,

-мамлекеттик каржы каражаттарынын ачык,даана бөлүштүрүү.

-мектептин ишмердүүлүгүн ыңгайлаштыруу үчүн экономикалык түрткү берүүлөрдү(стимул)түзүү.

-эмгекке катышуу коэффициенттин (ЭКК же КТУ) эсепке алуу менен кошумча төлөмдөр аркылуу мектептеги кызматкерлердин эмгек ишмердүүлүгүнүн мотивациясын жогорулатуу.

-мектепти чыныгы чарбалык өз алдынчалыкка жеткируу.

1.3.Администрация жана профком мектеп кызматкерлери үчүн минималдык стандарттын негизинде жан башына каржылоонун шартында мектептин ишмердүүлугун жөнгө салуучу нормативдик укуктук документтер менен тааныштырып,жеринде алардын колдонулушу жөнүндө дайыма түшундурүү иштерин жүргүзүп,жан башына каржылоо шартында эмгекке катышуу коэффициенттин эсептөөдө эксперттик кеңештин ишине практикалык жардамдарды көрсөтүү.

1.4.Кошумча билим берүү,окутуунун программаларын жакшыртуу,окутуунун жыйынтыктарын көзөмөлдөө,мектепти окуу куралдары жана окуу материалдары менен камсыздоону жакшыртуу аркылуу орто билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн көтөрүүгө жетишүү.

1.5.Мектепке чейинки жаштагы балдардын эсебин дайыма алып,микроучасткаларда каттоолорду жүргүзүү аркылуу мектепке чейинки жаштагы балдарды 100 сааттык программа менен мектепке даярдоого тартуу.

1.6.Билим берүү кызматкерлеринин квалификациясынын жогорулатуучу курстар, семинарлар аркылуу мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу үчүн администрация дайыма шарт түзүп берүү.

1.7.Администрация жана профком материалдык-техникалык базаны чыңдоодо мектепти окуу процессинде,окуу куралдарын,компьютер,мебель ж.б сатып алууда,мектептин имаратын майда жана капиталдык ремонттоо учурларында чогуу иштөө.

1.8.Мектеп кызматкерлерине эмгек акыларынын убагында төлөнүшүнө жана кандай Эсептелип жаткандыгы туралуу дайыма түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө жетишүү.

1.9.Мектеп администрациясы дайыма жаңы шарттары менен эмгек акы төлөмдөрү боюнча нормативдик укуктук документтерди жана аны түшүндүрмөсү менен сунуштоо.

1.10.Эгерде мугалимдердин эмгек акысынын ставкасы жана административдик-чарбалык персоналдын кызмат акысы эмгек акы төлөнүн жаңы систеиасы боюнча салыштырганда төмөн болгон учурда,анда алардын мектепте иштеп жаткан мезгилинде колдонулуп жаткан эмгек акысынын ставкасы жана кызмат акысы сакталат.

1.11.Администрация дана профком маданий массалык иштерди өткөрүү үчүн эмгек акы фондунун өлчөмүнүн 0.15% нан аз эмес өлчөмдөгү каражатты шаардык профсоюз комитети аркылуу бөлүштүрүп алууга жетишүү.

1.12.Бюджет боюнча баардык өзгөрүүлөрдү шаардык РОК жана шаардын каржы бөлүмү менен макулдашып педогогикалык кеңеште бекитүү

1.13.Суроолор боюнча тараптар эмгек шарттарынын абалы,эмгек акылар ж.б социалдык-экономикалык суроолор боюнча мааламыттарды түшүндүрмөлөрдү сунуштайт.

**2.Мектеп кызматкерлеринин укугун жана кызыкчылыгын укуктук жактан коргоо.**

Кызматкерлердин эмгек мамилелеринде социалдык өнөктөшүктү мындан ары өнүктүрүү Максатында тараптар төмөндөгүлөргө милденеттен.

2.1.Иш берүүчүнүн инициативасы менен кызматкерди башка ишке жылдырууга жол бербөө жөнүндөгү билим берүү системасынын мыйзамын сактоо.

2.2.Билим берүү системасын жакшыртууга жана нормативдик укуктук базасын өнүктүрүү--гө активдүү катышуу.

2.3.КРнын ЭКнин 415-беренесине ылайык мектетте эмгектик талаш-тартыш комиссиясын түзүү.

2.4.Юридикалык кызматтын кызматкерин жана профсоюз уюмунун эмгекти коргоо боюнча укуктук инспекторун эмгектик талаш-тартыш комиссиясын ишине,мектептин кызматкеринин укугун кызыкчылыгын коргоо өкүлчүлүгү катары сот процесстерине катышуусун кеңири иш жүзүнө ашыруу.

2.5.Администрация жана профком,проф активдерди жана бардык эле профсоюз мүчөлөрүн окутуу үчүн колдонулуп жаткан эмгек мыйзамдарын жана башка нормативдик документтер боюнча семинарлар уюштуруу.

2.6.Мектеп администрациясы каржылык мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен кызматкерге төлөнүүчү кошумча эмгекти өргүү берүүгө болот.Аны жылына берилүүчү өргөөсүнө кошулуп берилет.Төлөнүүчү кошумча өргүүнү берүүнүн шарттары жана мөөнөтү жаматтык келишимде аныкталат.

2.7.Төлөнүүчү кошумча өргүүнүн мөөнөтү иш күнү менен белгиленет.

2.8.Мектеп администрациясы жаш балалуу кызматкерлерге мүүкүн болушунча Иштөөнүнүнгайлуу шарттарын камсыз кылуусу.

2.9.Мектеп администрациясына пенсия жашына жетип пенсиага чыгуу үчүн документтери даярдап жаткандыгына байланыштуу кызматкерди иштен бошотууга тыюу салынат.

2.10.Кызматкердин мыйзам чегиндеги кызычылыктарына иш берүүчү тарабынан кысым жасоочу мыйзам бузууларга жол берөөгө жетишүү.

2.11.Мектеп администрациясы колдонулуп жаткан эмгек мыйзамдарына жана нормативдик жана укуктук актыларына өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилген учурда кызматкерлерди токтоосуз керектүү документтер менен камсыздоо.

2.12.Билим берүү кызматкерлеринин профсоюзунун ШКти профкомдун түзүлүшүндөгү иш пландарындагы өзгөрүүлөр жөнүндөгү зарыл материалдар менен камсыз кылуу.

2.13.Мектеп администрациясы өзүнүн бащкаруу органдарына,иш берүүчүнүн өкүлдөрүнө профсоюз уюмунун уставдык милдеттерин ишке ашыруудагы ишмердүүлүгүнө тыюу

салат.

2.14.2005-жылдан 27-майындагы билим берүү жана илим кызматкерлеринин кызматкерлеринин профсоюзунун 4-съездинин чечимине ылайык профсоюздук мүчөлүк акысын мектептин расчеттук эсебинен билим берүү кызматкерлеринин профсоюзунун ШКнин расчеттук эсебине ай сайын которууну камсыздоо

2.15.Биргелешип чечүүнү талап кылуучу маселелерди администрация менен профкомдун биргелешкен отурумдарында кароону иш жүзүнө ашыруу.

**3.Эмгекти коргоодо коопсуз жана таза иш орундары менен камсыз кылуунун деңгээлин көтөрүү чөйрөсүндө**

Эмгекти коргоо ишмердүүлүгүндөгү негизги багыттар:

3.1..Мектепти профсоюз мүчөлөрүнүн коопсуз жана таза иш орундарына болгон укугун коргоодо квалификациялуу профсоюздук көзөмөлдөөнүн таасирдүүлүгүн жогорулатуу.

3.2.Администрация жана профком эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун зарыл талаптарын камсыз кылуу үчүн каражат бөлүүгө жардам кылуу.

3.3.Эмгекти коргоо боюнча инспекторду,мектепти майда жана капиталдык ремонт иштеринен кийин  пайдаланууга кабыл алууда комиссиянын курамына киргизүүнү камсыз кылуу.

3.4.Эмгектенүү шарттарын жакшыртуу боюнча чараларды көрүү максатында жыл сайын кызматкерлердин жана окуучулардын арасындагы өндүрүштөгү майып болуучулукка жана бөөдө кокустуктарга дуушар болгондордун себептерине Н-1 формасы боюнча анализ жасоо.

3.5.Билим берүү кызматкерлеринин профсоюзнун ЩКне 3.2.,3.4.пункт боюнча маалымат берип туруу.

3.6.Администрация жана профком ИЭТН(ОИВТ) жана зыяндуу заттар менен иштеген химия мугалимдерине зыяндуу  иш орундарында иштегендиги үчүн айлык акыларына кошумча төлөмдөрдүн төлөнүшүн көзөмөлдөө.

3.7.КРнын “Эмгекти коргоо”мыйзамына ылайык,КРнын өкмөтүнүн 05.04.04.№225 токтому менен бекитилген эмгекти коргоо боюнча иштерди уюштуруу жөнүндөгү типтүү жобосуна ылайык эмгекти коргоо кызматын түзүү.Эмгекти коргоо жана коомдук тазалык боюнча көрсөтмөлөр менен камсыздоо.

3.8.Коопсуз жана таза иш орундары менен камсыз кылуу жана эмгекти коргоо боюнча Иш берүүчү жамааттык келишимде көрсөтүлгөн милдеттерин аткаруулары боюнча

текшерүүлөрдү жүргүзүү.

3.9.Бул жамааттык келишимдеги эмгекти коргоо боюнча КРнын нормативдик укуктук актыларын бузган жана милдетин аткарбаган учурда жетекчи жана жоопту киши жоопкерчиликке тартылат.

3.10.Профком эмгекти коргоо боюнча нормативдик документтерди иштеп чыгып Эмгекти коргоо кызматынын ишмердүүлүгүнүн көзөмөлгө алат.

**4.Иш мезгили жана эс алуу мезгили.**

4.1.Тараптар:

-Кызматкерлердин иш убактысы ички эмгек тартибин эрежелери,сменалуулуктун графиги эмгек келишиминин шарттары,кызматкерлердин кызматтык нускамалар жана аларга Устов тарабынан жүктөлгөн милдеттер менен аныкталат.

-Мекеменин жетекчи кызматкерлери,администрациялык-чарбалык,окутуучу-көмөкчү жана тейлөө персоналы үчүн жумуш күнүн узактыгы жумасына 40 саатка белгиленет.

-Мекеменин педогогикалык кызматкерлери үчүн иш мезгилинин узактыгы-жумасына 36 сааттан ашпайт.

-Өргүүгө чыгарууну кезектүүлүгү жумуш берүүчү тарабынан иштелип чыккан жана кесиптик бирлик менен макулдашылган графикке ылайык календардык жыл башталганга чейин кеминде эки жума калганда аныкталат.Кызматкерге өргүүгө чыгышынын башталган мезгили жөнүндө өргүү башталганга чейин кеминде эки жума калганда кабарланууга тийиш.Кызматкер менен жумуш берүүчүнүн өз ара макулдашуусу боюнча акы төлөнүүчү өргүү эки бөлүккө бөлүнүшү мүмкүн.Кызматкерди өргүүдөн кайра чакырып алууга анын макулдугу менен гана жол берилет.

-Эмгек акысын сактабастан өргүүгө чыгаруу КР Эмгек кодексинин 113-статьясында көрсөтүлгөн кызматкердин категориясынын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча жүргүзүлөт.

-Эмгек тартибинин эрежелерин системалуу түрдө бузган же коомдук тартипке бузган кызматкерлерге,дисциплинардык жаза чарасын колдонууга карабастан,

-бөлүмдүн жетекчиси тарабынан аныкталган мөөнөткө эмгек акысына карата кошумча акы азайтылат;

-эмгектин ишинин натыйжалары боюнча кезектеги сый акы төлөнбөйт;

-жыл бою кесиптик бирликтин бюджетинен жана фондттон материалдык жардам көрсөтүлбөйт деген макулдашууга келишти.

<u>Кесиптик бирлик</u>:

-ченемдик укук документтерге жана ички эмгек тартибинен эрежелерине ылайык иш режимин белгилөөдө эмгектие укуктардын ченемдеринин сакталышына,иш мезгили жана эс алуу мезгилин жөнгө салууга коомдук контролдукту жүзөгө ашырат.

**5.Профсоюздук кыймылдык чегинде кызматташтыкты өнүктүрүү чөйрөсүндө.**

5.1.Билим берүү кызматкерлеринин профсоюзунун ШК менен,ж.б шаардын,областтын жана Республикалык деңгээлде мектептердин баштапкы профсоюз уюмдары менен активдүү кызматташууну улантуу.

5.2.Билим берүү кызматкерлеринин профсоюзнун ШКти менен бирдикте профсоюздук кадрларды окутууну үзгүлтүксүз жүргүзүү.

5.3.Билим берүүнүн коомдук статусун жогорулатуу,билим берүү кызматкерлеринин укугун,кызыкчылыгын коргоо боюнча уюштурулган тилектештик акцияларына катышуу.

**6.Жамааттык келишимининин күчүнө киришин,анын аткарылышын көзөмөлдөө жана тараптардын жоопкерчилиги.**

6.1.Тараптар бул жамааттык келишимди Социалдык өнөктөштүктү негизги документи катары,мектепте 2019-2020-жылдар ичинде социалдык-экономикалык саясатты жүргүзүү боюнча негизги багыттарын аныктоочу жана зарыл иш-аракетти катары тааныйт.Тараптар өздөрүнүн укуктарынын чегинде бардык шарттарын сактоо менен бул келишимди жетекчиликке алууга милдеттенет.

6.2.Бул жамааттык келишим боюнча чыккан талаш-тартыштар,келише албастыктар пайда болгон учурда тараптардын макулдугу боюнча сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет.

6.3.Бул жамааттык келишим үч нускада даярдалып,кол коюлат.Эки нуска тараптарга берилет.Үчүнчү нуска каттоодон өткөрүү үчүн билим берүү кызматкерлеринин профсоюзунун ШКне берилет.

6.4.Келишимдин күчүнө кириши мектептин баардык кызматкерлерине маалымдалат.

6.5.Жамааттык келишим тараптар кол койгондон баштап күчүнө кирет жана жаңы жамааттык келишимди кабыл алганга чейин күчүндө калат.

6.6.Жамаатык келишимдин аткарылышы бир календардык жылда бир жолу угулат.

6.7.Тараптар,эмгек келишимине кол койгондор,профкомдун отурумунда,баштапкы профсоюз уюмунун жалпы чогулушунда профкомдун дубал газетасында үзгүлтүксүз чагылдырылат.

**№6-мектептин директору:**

**Сарытаева Д.Т.**

**№6-мектептин профкому:**

**Турдуматова А**

Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто
мектеби менен мугалимдин ортосунда түзүлгөн эмгек келишими.

“1” сентябрь 2022-жыл Кызыл-Кыя шаары

Мында, биринчи тарап, жумуш берүүчү, мектеп директору Сариташева Д.Т. жана экинчи тарап мындан ары жалдануучу, КР жараны Кадырбекдиева А.К. паспорт сериясы ID1563537 качан берилген 24.01.2020 берген орган ИИМ 213031 жашаган жери Кызыл-Кыя шаары Ленина №16 кв7 көчөсүнүн тургуну, тел.номери 0777624964 экөөнүн ортосунда түзүлөт.

Келишимдин мөөнөтү 2022-2023-окуу жылынын 1 -сентябрь айынан август айына чейин. Келишим бир жылга чейин өз күчүн жоготпойт. Тараптардын ортосунда эч кандай пикир келишпестик болбогондо келишимдин мөөнөтү бүткөндөн соң кайра баштан келишим түзүлөт. Келишимде көрсөтүлгөн милдеттердин ичинде тараптарды канааттандырбаган же тараптардын бирге иштөөсүнө жолтоо болуучу жагдайлар пайда болгондо эки тараптын сүйлөшүүсүнүн негизинде же КР Эмгек кодексинин 82-беренесинин негизинде келишимден баш тартышат.

1. Тараптардын милдеттери жана укуктары:

1. Жумуш берүүчүнүн укуктары:
1.1 Жалдануучудан өзүнө берилген жумушту так аткаруусун талап кылууга;
1.2 Жумуш убактысында алкаголдук, баңгилик же уу заттар менен мас абалында келгенде КР Эмгек Кодексинин 76-беренесинин негизинде жумуштан четтетүүгө;
1.3 Жумушка кабыл алууда эмгек кодексинин 62-статьясына ылайык сыноо көрсөтүлсүн;
1.4 Келишимде көрсөтүлгөн шарттар аткарылбаганда, келишим мөөнөтүнө карабай, КР Эмгек Кодексинин 79-88-беренелеринин негизинде келишимди токтотууга;
1.4 Керектүү шартта жалдануучуга кошумча жумуш берүүгө;
1.5 Аткарган жумушунун кесиптик денгээлине карата жалдануучуну сыйлыкка көрсөтүүгө;

2. Жумуш берүүчүнүн милдеттери:
2.1 Окутуу-тарбиялоо процессинин бардык багыттарында перспективдүү жана күнүмдүк ишин пландаштырууну уюштуруу
2.2 Педагогикалык кызматкердин иштөөсү, ден-соолугу үчүн керектүү шартты түзүп берүү (жарыктандыруу, окуу каанасы менен камсыздоо, жылытуу)
2.3 Окуучулардын мамлекеттик камкорчусу (көзөмөлчүсү) катары алардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын (өздүк, мүлк.түк, жашоо- тиричилик, эмгектик ж.б.) коргоо
2.4 Педагогикалык кызматкердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууга, иштеринде алдынкы тажрыйбаларды жана ыкмаларды колдонууларына шарттарды түзүү
2.5 Окутуу-тарбиялоо ишинде көмөк көрсөтүүчү ишканалар, мекемелер жана уюмдар менен туруктуу байланышта болуп, мектептин көзөмөлчү кеңешинин курамына кирип, аларга кабыл алынган тартипте отчет берүү.
2.6 Келишим түзүлгөн мөөнөт ичинде керектүү, жүйөлүү себептер жаралганда мугалимдерге 3 күндүк жумуш күнгө жумушунан уруксат берүү (эмгек акысын сактоо менен)

2.7 Окуу жылы аяктаган соң акы төлөнүүчү эмгек эргүүсүнө чыгарууга;
2.8 Эмгек акынын өз убагында берилүүсүн көзөмөлдөөгө
2.9 Келишим түзүлгөн мөөнөт ичинде ден-соолугуна байланыштуу бир окуу жылда бир жолу дарылануусу үчүн шарт түзүү (оорулуу экендигин тастыктаган маалымдама болгон учурда)
2.10 КР Конституциясынын, КР Эмгек кодексинин, КР Билим берүү мыйзамынын, КР Нормативдик актыларынын чегинде иш алып барууга;

3. Жалдануучунун (мугалимдин) милдеттери:

3.1 Окуучулардын(тандоосунун негизинде) сабактан тышкаркы убакытта кошумча билим алуусу үчүн коомчулукка пайдалуу жана маданий-массалык иштерин уюштуруп өткөрүүгө;
3.2 Окутуу жана тарбиялоо процессин өнүктүрүү боюнча сунуштарды киргизүүгө, өзүнө бекитилген класстардын окуучуларын окутуу, тарбиялоо ишин пландаштырып аткарууга;
3.3 Өзүнө бекитилип берилген класстагы окуучулардын мектептин ички тартип эрежелерин, жүрүм-турум маданият ченемдерин сактоосун көзөмөлдөөгө;
3.4 Окуучулар үчүн маданий-эс алуу, спорт аркылуу ден- соолуктарын чыңдоо иш-чараларын өткөрүүнү уюштурууга;
3.5 Окуучулар арасында жашоонун сергек мүнөзүн калыптандырууга, терс көрүнүштөр менен күрөшүүгө үгүттөө максатында жекече иш алып барууга;
3.6 Бекитилген медициналык кызматкерлер менен биргеликте окуучулардын ден-соолуктарын чыңдоочу жана туура өсүүсүнө көмөк көрсөтүүчү иш- чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө;
3.7 Окуучуларды тарбиялоо ишине ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрдү) жана коомчулукту тартууга;
3.8 Жумуш башталарына 15 мин. калганда жумуш ордунда болууга;
3.9 Өзүнө бекитилген кааналардын, бөлүнгөн аймагынын тазалыгын сактоого;
3.10 Жумуш учурунда башка иштер менен алектенбоого;
3.11 Жумуш убактысында спирттик ичимдиктерди колдонбоого;
3.12 Жумуш ордун себепсиз таштап кетөөгө;
3.13 Жумуш убактысында болгон ар кандай окуялар боюнча жетекчиликти кабардар кылууга;
3.14 Бааракыга (пенсия) жеткен мезгилде жана пенсия жашындагы мугалим жаш мугалим келсе, жумуш ордун бошотуп берүүгө;
3.15 Мектеп уставынын негизинде иш алып барууга жана колдоого;
3.16 Мектеп жегекчилиги тарабынан берилген ар кандай тапшырманы мектеп уставынын негизинде аткарууга;
3.17 Профсоюз комитети тарабынан берилген коомдук иштерди аткарууга;
3.18 Жүйөлүү себептер менен же турмуш-шартка байланыштуу жумушка келүүгө мүмкүнчүлүк болбой калган шартта, алдын ала мектеп директоруна жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылууга;
3.19 Окуу кааналардагы эмеректерди абайлап, сактоого;
3.20 жумуш убактысында мектептин коопсуздугуна кайдыгер карабоого:
3.24 Өзүнө жүктөлгөн функционалдык милдеттенмелерин так аткарууга;

4. Жалдануучунун (мугалимдин) укуктары:

4.1 Өзүнө ыңгайлуу жумуш шартын түзүп берүүнү талап кылуу;
4.2 Керектүү шартта, жүйөлүү себептер менен акы төлөнбөгөн эргүүгө чыгууга;
4.3 Эмгек акысын убагында берилишин талап кылууга;
4.4 Окуу жылында акы төлөнүүчү эмгек эргүүсүнө чыгууга;
4.5 Профессионалдык деңгээлине карата сыйлыкка көрсөтүлүүгө;

4.6 Жумуш мезгилине карабастан, ден-соолугуна байланыштуу дарылануууга;
4.7 Өзгөчө кырдаал учурунда өз демилгеси боюнча иш алып барууга (окуучулардын коопсуздугун сактоо максатында);
4.8 Жумуш убактысында келип чыккан көйгөйлөр боюнча өз оюн эркин айтууга;
4.9 Жумуш убактысы бүткөндөн кийин КР Конституциясынын, КРнын мыйзамдарынын негизинде эркин эс алууга жана убактысын каалагандай өткөрүүгө;

5. Келишимди бузуу шарттары:

5.1 Келишим мөөнөтү бүткөн мезгилде;
5.2 Эмгек келишими Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 82-83- беренелеринин негизинде токтотулат.
5.3 Тараптардын бири келишимде көрсөтүлгөн шарттарды сактабаган учурда;
5.4 Тараптардын келишимде көрсөтүлгөн милдеттери бир канча жолу кайра- кайра аткарылбай, бузулганда;
5.5 Эмгек келишими түзүлгөндөн кийин жалдануучунун аба аркылуу жугуучу жугуштуу оорулар менен ооруп калган учурунда;
5.6 Эмгек келишими КР Эмгек Кодексинин 146-беренесинин негизинде токтотулат.

6. Башка шарттар

6.1 Келишим тараптардын кол тамгалары түшүрүлгөн мезгилден баштап өз күчүнө кирет;
6.2 Келишимде көрсөтүлгөн шарттар боюнча тараптарда пайда болгон талаш маселелер, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин беренелеринин ‘ жана педагогикалык кеңешменин чечиминин негизинде гана чечилет;
6.3 Келишим кагаздары 2 (эки) даанада түзүлүп, эки тарапта тен сакталат жана тараптардагы келишим кагазы бирдей юридикалык күчкө ээ.

Мектеп директору ____________
Сарыкова Б.Т.
Баткен областы Кызыл-Кыя шаары
Джалиская көчөсү 1
“1” сентябрь 2022-жыл

Мугалим ____________
Кадырбердиева А.К.
Баткен областы Кызыл-кыя шаары
Ленина көчөсү 16.
“1” сентябрь 2022-жыл.